УДК: 34.096
DOI 10.53473/16946324_2024_3/2

**Токтакун кызы Гүлнура,**
тарых илим.канд.,улук окут.Ош мамлекеттик университети
E-mail: gulnura-29@mail.ru; тел: 0557 802707
**Нийматжан кызы Нуризат,**
окутуучу, Ош мамлекеттик университети
тел: (0777)550509

**Токтакун кызы Гулнура,**
к.и.н., ст.преп.Ошский государственный университет
E-mail: gulnura-29@mail.ru; тел: 0557 802707
**Нийматжан кызы Нуризат,**
преп.Ошского государственного университета,
тел: (0777) 550509

**Toktakun kyzy Gulnura,**
Candidate of History, Senior Lecturer, Osh State University
E-mail: gulnura-29@mail.ru; tel: 0557 802707
**Niymatjan kyzy Nurizat,**
teacher, Osh state university
tel: (0777) 550509

# АКСАКАЛДАР СОТУНДА ИШТИ (МАТЕРИАЛДАРДЫ) КАРАП ЧЕЧҮҮ ТАРТИБИ

# ПОРЯДОК РАССМОТРЕНИЯ ДЕЛ (МАТЕРИАЛОВ) В СУДЕ АКСАКАЛОВ

# PROCEDURE FOR CONSIDERATION OF CASES (MATERIALS) IN THE AKSAKAL COURT

---

***Аннотация:*** *Аксакалдар соту Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик эмес сот адилеттигинин өкүлдөрү болуп саналат. Алар майда укук бузуулар, жарандардын ортосундагы мүлктүк жана үй-бүлөлүк талаш маселелер ж.б. иштерди карайт. Аксакалдар соттору чечим чыгарууда өз ишинде абийирди, мыйзамды, тарыхый жактан калыптанган элдеринин үрп-адаттарынан жана каада-салттарын, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген моралдык жана этикалык нормаларды жетекчиликке алат. Изилдөөнүн максаты – талаш болгон маселелерди чечүүдө аксакалдар сотунун ролун жана алардын чечимин, аксакалдар сотунда ишти карап чечүү тартибин карап чыгуу. Изилдөөдө тарыхый, жалпы илимий жана атайын юридикалык методдор колдонулду.*

***Негизги сөздөр:*** *аксакалдар соту, талаш-тартыш, каада-салт, мыйзам, чечим, апелляция, протокол.*

***Аннотация:*** *Суды аксакалов является представителем негосударственного правосудия в Кыргызской Республике. Это мелкие правонарушения, имущественные и семейные споры и тому подобные дела между гражданами. Суды аксакалов руководствуются совестью, законом, обычаями и традициями исторически сложившихся народов, морально-этическими нормами, не противоречащими законам Кыргызской Республики. Цель исследования – рассмотреть роль суда аксакалов в разрешении спорных вопросов и их решения, порядок рассмотрения дел в суде аксакалов.*

*В исследовании использовались исторический, общенаучный и специально-правовые методы.*

***Ключевые слова:*** *суд аксакалов, спор, обычай, закон, решение, апелляционная жалоба, протокол.*

***Summary:*** *Aksakal courts are the representative of non-state justice in the Kyrgyz Republic. These are minor offenses, property and family disputes and similar matters between citizens. Aksakal courts are guided by conscience, law, customs and traditions of historically established peoples, moral and ethical standards that do not contradict the laws of the Kyrgyz Republic. The purpose of the study is to consider the role of the aksakal court in resolving controversial issues and their resolution, the procedure for considering cases in the aksakal court. The study used historical, general scientific and special legal methods.*

***Key words****: aksakal court, dispute, custom, law, decision, appeal, protocol.*

---

Мамлекеттин азыркы коомдук практикасында элдик адилеттүүлүктүн үлгүсү болуп аксакалдар соту саналат. Бул жарандык талаш-тартыштарды чечүү, административдик укук бузуулар жана майда кылмыштар жөнүндө иштерди кароо функциялары берилген коомдук орган болуп саналат.

Кыргызстанда аксакалдар сотунун пайда болушун салттуу соттун кайра жаралышы катары «жандануу» деп аташат. Бирок, биздин оюбузча, тарыхка кайрылсак аксакалдар соту көп функционалдуу болуп, бир гана соттук институт катары кыргыз тарыхына белгилүү болбогондуктан, бул жерде аксакалдар сотунун тарыхый орду, милдеттери, аксакалдар сотунун карап чечкен иштери жана тартиби жөнүндө гана сөз кылууну туура көрдүк.

Кыргыздарда байыркы мезгилде талаш-тартыштарды аксакалдар жекече, кандайдыр бир уюмдан тышкары каада-салтка таянып карап чечип келген. Аксакалдар соту салттуу сот институту деп айтууга толук мүмкүн эмес. Кыргыздар орус империясынын тушунда юридикалык маселелерин адатка таянган бийлер соту чечкен. Сот жараяны оозеки түрүндө жүргөн жана бийдин бүтүмү атайы жазма документтер менен бекемделген эмес. Соттошуучу тараптардын социалдык абалы, эл арасындагы кадыр-баркы соттун чечимине түздөн-түз таасир эткен. Россия империясынын карамагына киргенге чейин бийлер соту бардык административдик, жарандык, кылмыш иштерин кароого укуктуу болушкан. Бийлер соту жекече жана коллегиалдуу болуп, салттуу укук – адатка ылайык чечим чыгарып келишкен. Ошентип Кыргызстанда болгон бийлер соту өткөн кылымдын башында Орто Азияга Совет бийлиги орношу менен акырындан жоюлган [1]. Бирок алар жоюлгандан кийин айыл жеринде калк арасында талаш- тартыштарды, ошондой эле жергиликтүү маанидеги маселелерди салттуу механизмдер аркылуу чечүү практикасы сакталып калгандыгын баса белгилемекчибиз.

Учурда аксакалдар соттору ыктыярдуу негизде, шайлануунун жана өз алдынча башкаруунун негизинде түзүлүлөт. Алар мыйзамда белгиленген тартипте жана учурларда жарандардын, жарандар менен юридикалык жактардын ортосундагы талаш-тартыштар жөнүндө иштерди (материалдарды) кароону жүзөгө ашырууга чакырылган коомдук орган болуп саналат.

*Аксакалдар сотторунун негизги милдеттери*:

1) жарандардын бузулган же талашылып жаткан укуктарын, мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо же аларды жараштыруу;

2) мыйзамдуулукту бекемдөөгө көмөктөшүү, укук тартибин камсыз кылуу жана укук бузуулардын алдын алуу, ошондой эле социалдык чыр-чатактарды алардын пайда болушунун баштапкы этабында жоюу;

3) жарандарды мыйзамдарды, моралдын ченемдерин, адеп-ахлакты, Кыргыз Республикасынын элинин мыйзамдарга карама-каршы келбеген үрп-адаттарын жана салттарын урматтоого тарбиялоо.

Аксакалдар соттору ынандыруу, коомдук таасир этүү, тараптарды жараштырууга жетишүү жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген адилеттүү чечим чыгаруу жолу менен иш алып барууга тийиш [2].

Шарттуу түрдө аксакалдар соту тарабынан иштерди кароо бир нече этапка бөлүнөт: ишти кароого даярдоо, талашты маңызы боюнча кароо, чечим кабыл алуу жана чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө.

Ал эми *аксакалдар сотунун ишти карап чечүү тартиби* боюнча сөз кыла турган болсок ишти кароо үчүн мурунтан белгиленген убакытта сот отурумунун төрагасы же анын тапшыруусу боюнча аксакалдар сотунун кайсы бир мүчөсү аксакалдар сотунун отурумун ачат жана кайсы иштер карала тургандыгын жарыялайт. Төрагалык кылуучу отурум ачылгандан кийин сотко чакырылган адамдардын келгендигин тактайт, сотко тартылганга, жабырлануучуга жана процесстин башка катышуучуларына алардын укуктары жөнүндө түшүндүрөт, ошондон кийин адамдардан соттун курамынан баш тартуу же расмий өтүнүчтөрү бар же жок экендигин, ал эми мүлктүк жана үй – бүлөлүк талаш – тартыштар боюнча, тараптардын, алардын ишин аксакалдар сотунда каралуусуна макулдугун тактайт. Процесске катышып жаткан адамдар далилдерди изилдөөгө катышууга жана расмий өтүнүч билдирүүгө, анын ичинде кошумча материалдарды суратып алууга укуктуу.

Эгерде ишти кароочу сотторго ишенич көрсөтпөө жөнүндө сунуш киргизилип, жана башка расмий өтүнүчтөр жөнүндөгү маселелер пайда болсо, анда ошол маселелер чечилгенден кийин төрагалык кылуучу жарандардын арыздары боюнча талаш – тартыштын жүйөсү жана маңызы жөнүндө баяндайт. Андан кийин, сот ишке катышкандардын түшүндүрмөлөрүн угуп, бардык зарыл болгон материалдарды жана далилдерди изилдейт. Эгерде, ишке катышкандар тарабынан кандайдыр бир толуктоолор сунушталбаса, төрагалык кылуучу ишти манызы боюнча кароо бүттү деп, жарыялап, сот чечим чыгаруу үчүн өзүнчө атайын бөлмөгө кирет – кетет. Иштерди аксакалдар сотунда кароонун акысыз жүргүзүлөрүн белгилей кетүү керек. Сот отурумунда, ишти кароонун жүрүшү боюнча, жалпы юрисдикциялык соттордо каралуучу жарандык иштерди кароодогудай эле протокол түзүлөт. Аксакалдар сотунун протоколунда, соттун курамы жөнүндө маалымдоолор, иштин мүнөзү, аны кароонун убактысы жана орду, ишти кароодо, аксакалдар сотунун отурумуна катышкан адамдар жөнүндө маалыматтар, алардын арызы жана кыскача сөзү (түшүндүрмөсү, расмий өтүнүчү) жана иш боюнча кабыл алынган чечим камтылууга тийиш. Аксакалдар сот отурумунун протоколуна төрагалык кылуучунун жана катчынын колу коюлат [3].

*Аксакалдар сотунун чечими.* Ишти сот отурумунда манызы боюнча карап чыгуу, адата чечим кабыл алуу менен аяктайт. Аксакалдар сотунун иштин маңызы боюнча чыгарылган токтому да чечим формасында (түрүндө) чыгарылат. Аксакалдар сотунун чечими, ишти кароого катышкан соттун бардык мүчөлүрүнүн көпчүлүк добушу менен кабыл алынат. Чечимге макул болбогон соттун мүчөсү өзүнүн чечимге деген өзгөчө пикирин жазуу жүзүндө билдирет жана ал чечимге тиркелет. Соттун чечими, соттук отурумда изилденген жана сот тарабынан бааланган гана далилдерге негизделиши керек.

Аксакалдар сотунун үй – бүлөлүк талаш – тартыштар боюнча негизги милдеттеринен болуп, аларды жараштырып, үй – бүлөлүк мамилени бекемдөө болуп эсептелет. Эгерде аксакалдар соту, сот отурумунда мүлк жана үй – бүлөлүк талаш – тартыштар боюнча тараптардын жарашусуна жетише албаса, анда сот, каралып жаткан иштин манызы боюнча чечим кабыл алат. Аксакалдар сотунун чечими жазуу жүзүндө түзүлүп, анда төмөндөгүлөр көрсөтүлөт:

– чыгарылган чечимдин убактысы жана орду, чечим чыгарган соттун аталышы, ишти кароого катышкан соттун курамы жана ишке катышкан жактар;

– талаш – тартыштын предмети же укук бузуунун мазмууну;

– сот тарабынан аныкталган иштин жагдайы, иштин жагдайы жөнүндө сот чыгарган тыянактын далилдери, соттун тигил же бул далилдерди четке каккан жүйө – себептери;

– чечим кабыл алууда, сот жетекчиликке алган мыйзамдар;

– каралган материал боюнча аксакалдар соту кабыл алган корутунду жана кабыл алынган чечимге даттанунун мөөнөтү жана тартиби;

– чечимди аткаруунун мөөнөтү.

Чечимге аксакалдар сотунун отурумунда ал жарыялангaнга чейин төрагалык кылуучунун жана соттун мүчөлөрүнүн колу коюлат. Аксакалдар сотунун чечиминин жогорудагы беренеде каралган, соттун чечиминин мазмуунунда башка жагдайлар менен катар эле чечимдин аткарылыш мөөнөтүнүн да көрсөтүлүшү көңүлдү өзүнө бурат [4]. Анткени, чечимдерди мажбурлап аткартуу үчүн атайын сот аткаруучуларга тиешеси бар официалдуу сот органдарынын чечимдеринде да анын аткарылыш мөөнөттөрү каралбаган, анын үстүнө, чечимдин өзүндө, кайсы бир аткарылыш мөөнөттү алдын ала аныктоо, жана анын иш жүзүндө аткарылышынын бир топ кыйынчылыкка турары да талашсыз.

*Аксакалдар сотторунун чечимдерине даттануунун жана аны аткаруунун тартиби.* Даттанунун объектиси болуп, – аксакалдар сотторунун чечимдери эсептелет. Аксакалдар соттору жөнүндөгү мыйзамдын 35 – беренесине ылайык, аксакалдар сотунун чыгарган чечими, чечим чыгарылган адам жана ишти кароого катышкан башка адамдар тарабынан, чечим чыгарылгандан тартып 10 күндүн ичинде даттанылышы мүмкүн. Даттануу, аксакалдар соту түзүлгөн аймактагы райондук же шаардык сотко берилет. Даттануу ал келип түшкөн күндөн тартып 10 күндүн ичинде райондук же шаардык соттун судьясынын жеке өзү тарабынан каралат. Аксакалдар сотунун чечимин мажбурлап аткартууга аткаруу баракчасын берүү жөнүндөгү арыз, анын пайдасына чечим чыгарылган тараптын аймагында жайгашкан райондук же шаардык сотко берилет. Мындай арыз, чечимди аткаруу мөөнөтү бүткөн күндөн тартып бир айдын ичинде берилиши мүмкүн. Арызга аксакалдар сотунун чечиминин аткарылбай калгандыгын ырастоочу документтер тиркелет.

Белгиленген мөөнөттү өткөрүү менен же, болбосо зарыл документтер тиркелбей берилген арыз, каралбастан, райондук же шаардык сот тарабынан кайтарылып жиберилет. Аткаруу баракчасын берүү жөнүндөгү арыз берүүнүн мөөнөтү жүйөлүү себептерден улам өткөрүлүп жиберилгенде, тараптардын өтүнүчү боюнча, мөөнөт райондук же шаардык сот тарабынан калыбына келтирилиши мүмкүн. Арызды шаардык же райондук сот алган күндөн тартып, бир айлык мөөнөттө, судья жеке өзү карайт. Мында, судья аксакалдар сотунун чечими Кыргыз Республикасынын колдонулуп жаткан мыйзамына ылайык келишин текшерет. Арызды кароонун жыйынтыктары боюнча, аткартуу баракчасын берүү, болбосо аны берүүдөн баш тартуу жөнүндө аныктама чыгарылат.

Аксакалдар сотторунун иш – аракеттерин, материалдык – техникалык жактан камсыз кылуу, аларды түзгөн, тийиштүү айыл өкмөтүнүн, райондук (шаардык) кеңештин каражаттарынан, ошондой эле ар кандай юридикалык жактардан жана жарандардан түшкөн каражаттардын эсебинен ишке ашырылат [5]. Аксакалдар сотторуна мыйзамдарды түшүндүрүү жана колдонуу маселелери боюнча жардам, алар аракеттенген аймактагы райондук (шаардык) соттор тарабынан көрсөтүлөт. Аксакалдар соттору, аларда каралган иштер боюнча статистикалык эсеп жүргүзүп, өздөрүнүн иш – аракеттери жөнүндө жылына бир жолудан кем эмес мөөнөттө, аларды түзгөн жарандардын жалпы чогулушуна, коомдук кеңештин конференциясына, айылдык, шаардык, райондук(шаардык) кеңештердине сессияларына отчет берилет. Аксакалдар сотторундагы каралып бүткөн иштер боюнча материалдар сакталуу үчүн тийиштүү айыл өкмөтүнө, райондук (шаардык) кеңештерге өткөрүлүп берилет.

*Жыйынтыктап айтканда,* аксакалдар соттору бүгүнкү күндө мамлекеттик орган болуп саналат жана юридикалык жакты түзбөстөн түзүлөт. Алар райондук (шаардык) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында (кеңештерде) каттоодон өтүшөт. Ошентип, укуктук көз караштан алганда, аксакалдар соту жарандардын бирикмеси болуп саналат. Заманбап сот системасына ишенбөөчүлүктүн фонунда улуу муундун пикирин

урматтоо салты Кыргыз Республикасы эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин аксакалдар сотунун түзүлүшү үчүн жакшы шарт түзүп, анын зарылчылыгын көрсөтүп жатат деген жыйынтыка келсек болот.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ:

1. Токтакун к. Г. Кыргыздардагы сот системасынын тарыхы (XIX к. экинчи жарымы – XX к. башы). Тарых илим.кандидаты окум.даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иш. Ош 2021. 90-бет
2. Кыргыз Республикасынын аксакалдар соттору жөнүндө мыйзамы 05.07.2002-ж. №113 5-берене
3. Аленкина Н. Суд аксакалов: вне (не)государственный орган по рассмотрению споров. Возможны ли параллели с третейским и товарищеским судом? // Сравнительное конституционное обозрение (Российская Федерация). 2015. № 1. С. 9-15
4. Сатыбеков С.С. Кыргыз Республикасынын жарандык процесстик укугу. Бишкек 2012. 147-149–бет
5. Алёнкина Н.Б. Суды аксакалов: легитимация традиционных ценностей кырг-го общ-ва // European and Asian Law Review Москва. 2019. С.5-11